**«БЕКИТЕМИН»**

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору,**

**техника илимдеринин доктору, профессор**

**____________________К.Ж.Усенов**

**«__8__» ____02____ 2019-жыл**

**Саттарова Азиза Тешабаевнанын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата жетектөөчү илимий мекеменин**

## РАСМИЙ ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында эгемендүүлүк алгандан кийин билим берүү программалары дүйнөлүк алдыңкы өлкөлөрдүн агартуу тармактары үчүн түзүлгөн окутуунун мазмуну жана формалары менен интеграциялашып, жаңы көз караштар жана технологиялар практикага сунушталып, алар өзүнүн оң таасирин бере баштады. Бул изилдөө кыргыз адабиятын, анын ичинде, балдар ырларын окутуу проблемасына арналган. Прозалык чыгармаларга караганда поэзияга, анын ичинде лирикалык ырларга карата окуучулардын кабыл алуусу, түшүнүү деңгээли, адабий текстологиялык талдоолору бир топ төмөн. Анын натыйжасында орто мектепти бүтүрүүчүлөрдүн эмоционалдык жана эстетикалык сезимдери, көркөм табити анчалык өнүкпөгөн бойдон калууда. Бул карама-каршылыкты жоюуну башталгыч класстардан колго алуу зарылдыгы педагогикалык адабияттарда көптөн бери айтылып келе жатканы менен кеңири изилдөөлөр жүргүзүлбөй келет. Мунун кесепетинен мугалимдер поэтикалык тесттерди окутуу технологияларын көрсөткөн эмгектерге муктаж.

Аталган диссертация кыргыз педагогика илиминдеги, анын ичинде балдар ырларын окутуудагы актуалдуу темага багышталганын айтууга болот. Изилдөөнүн актуалдуулугу менен максаттары жана натыйжаларынын ортосундагы ички биримдик сакталган.

**2. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштарынын негизделишинин даражалары.** Диссертация бири-бири менен логикалык жактан байланышкан 4 баптан, алардын ар биринен келип чыккан корутундулардан, жалпы жыйынтыктардан, сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Эмгектин жалпы көлөмү – 284 бет, анын ичинен негизги тексти – 244 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 457, таблицалар – 19, сүрөттөр – 19. **Киришүүдө** изилдөөнүн бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу, максаты, милдеттери, коргоого сунуш кылынган жоболору, апробацияланышы тууралуу маалыматтар берилет. Биринчи бап **«Балдар ырларын мектепте окутуунун жана ал проблеманын изилденишинин тарыхы, азыркы абалы жана методологиялык негиздери»** деп аталат. Бул бапта балдар ырлары тууралуу адабий-теориялык маалыматтар берилип, ал ырлардын спецификалык өзгөчөлүктөрү адабият таануу, педагогика, психология багытындагы эмгектерге таянылуу менен көрсөтүлөт. Ушул эле бапта кыргыз мектептеринде балдар ырларын окутуунун изилденишине тарыхый-педагогикалык обзор берилет да, анда бул процессти этаптарга бөлүп карайт, ар бир этаптын өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Балдар ырларын окутуунун методологиялык негиздери, «технология», «окутуунун технологиялык негиздери» түшүнүгү да илимий-теориялык адабияттарга таянылуу менен ар тараптуу ачып берилет. Диссертациянын **«Балдар ырларын окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган 2-бабында изилдөөнүн объекти катары алынган башталгыч класстардагы «Алиппе», «Адабий окуу», V-VII класстардагы «Адабияттык окуу» сабактарындагы балдар ырлары адабий-педагогикалык анализден өткөрүлөт. Ушул эле бапта диссертациялык изилдөөсүндөгү теориялык жана эксперименттик методдорду кандайча пайдалангандыгы

чагылдырылган. Анын колдонгон методдору ишенимдүү жана жыйынтыгы так көрсөтүлгөн. Ал өзүнүн теориялык жоболорун Ош шаарындагы №17 Ю.А.Гагарин атындагы гимназия-мектебинде, №42 «Керме-Тоо» орто мектебинде, №31 Курманжан датка атындагы орто мектепте, Ош областынын Кара-Суу районундагы А.Эшматов атындагы мектебинде, С.Алайчы атындагы инновациялык-гимназия мектебинде педагогикалык эксперименттен өткөргөн. Эксперимантaлдык мектептер үчүн сунуш кылган методикалык иштелмелери, технологиялык ыкмалары оң натыйжа берип, сабактын оптималдуулугун жогорулаткан. Бул натыйжаларды ал математикалык-статистикалык жол менен таблицаларда жана диаграммаларда чагылдырган. **«Балдар ырларын окутуунун дидактикалык принциптери, методдору жана каражаттары»** деп аталган үчүнчү бапта диссертант балдар ырларын окутуунун дидактикалык принциптерин А.Токомбаевдин, Ж.Абдылдаевдин, Ж.Исабаеванын, А.Үсөнбаевдин, Т.Кожомбердиевдин, Б.Сарногоевдин ж.б. балдар акындарынын ырларын үйрөтүү процессинде кандайча колдонгонун конкреттүү мисалдар менен талдоого алат жана дидактикалык принциптердин кайсылары натыйжалуу экендигине токтолгон. Дидактикалык принциптерден кийин балдар ырларын окутуунун методдору жана каражаттары тууралуу илимий ойлорун, практикалык сунуштарын айтат. Кыргыз элдик акындарынын ырларын окутуу процессинде алардын чыгармачылык индивидуалдуулугун ачып берүүнүн ыкмалары жана жолдору тууралуу методикалык сунуштары да мугалимдер үчүн өзгөчө пайдалуу. Бул бөлүмдө адабият теориясы, адабият таануу, текстология илимдерин кыргыз адабиятын окутуунун методикасы менен натыйжалуу интеграциялай алгандыгы көрүнүп турат. **«Жалпы билим берүүчү мектептерде балдар ырларын окутуунун технологияларын өркүндөтүүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү»** деп аталган төртүнчү бапта окутууда предметтер аралык байланыштарды интеграциялоо технологияларын сунуш кылат. Окутуунун заманбап технологияларын өркүндөтүү аркылуу балдар ырларын үйрөтүү процессинде окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөлөрү да

азыркы дүйнөлүк илимдин жаңылыктарын кыргыз адабиятын окутуу илимине алып келип кошкондугу менен баалуу. «Жалпы жыйынтыктар жана сунуштар» бөлүмү диссертациянын логикасынан жана корутундуларынан жалпыланып жазылган. Эмгектин аягында берилген пайдаланылган адабияттардын тизмеси абдан бай жана ар тараптуу, бул анын көптөгөн илимий жана адабий булактар менен иштей билгендигин тастыктайт.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа, салыштырмалуу жаңы.** «Балдар ырлары», «Балдар ырларынын спецификасы», «Азыркы ааламдашуу доорундагы балдар ырларынын мааниси» деген түшүнүктөр кыргыз адабиятында балдар ырларын окутуунун аспектисинде каралган.

**2-натыйжа, жаңы.** Эмгекте балдар ырларын окутуу проблемасынан изилденишине алгачкы жолу тарыхый-эволюциялык планда обзор берилген, жалпы бул процесс этаптага бөлүнүп, ар бир этаптын негизги өзгөчөлүктөрү белгиленген.

**3-натыйжа, салыштырмалуу жаңы.** Изилдөөнүн объектине ылайык орус жана кыргыз адабиятчыларынын, педагогдордун, психологдордун эмгектери методологиялык база жана булактар базасы катары эффективдүү пайдаланылган.

**4-натыйжа, жаңы.** Диссертацияны жазууда изденүүчү жеке өзү тарабынан колдонулган материалдарга баа берилген, изилдөөнүн теориялык жана эксперименталдык методдору максатка ылайык колдонулган жана ал процесс эмгекте кеңири чагылдырылган.

**5-натыйжа, жаңы.** Кыргыз адабиятын окутуу практикасында эң биринчи жолу ырааттуу түрдө жана илимий-практикалык өңүттө балдар үчүн жазылган ырларды окутуунун тарыхы, азыркы абалы изилденген, ал чыгармаларды окутуунун тажрыйбалары үйрөнүлгөн жана жыйынтыкталган, мына ушул изилдөөлөрдөн кийин окуу программасында балдар ырлары берилген I-VII

класстарда мындай чыгармаларды окутуу технологиялары иштелип чыгып, практикага сунушталган.

**4. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.** Диссертациядан келип чыккан тыянактарды жана сунуштарды педагогикалык багыттагы жогорку жана орто окуу жайларындагы «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы», «Башталгыч класстардын методикасы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар», «Педагогикалык чеберчилик» дисциплиналары боюнча окуу программаларынын, окуу китептеринин, илимий-методикалык эмгектердин мазмунун өркүндөтүүдө, студенттердин курстук, дипломдук иштеринде, магистрлер жана аспиранттардын диссертациялык изилдөөлөрүндө, мугалимдердин сабактарында жана класстан тышкаркы иштеринде пайдаланышы мүмкүн.

**5. Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Диссертацияда изденүүчү педагогика илиминдеги актуалдуу проблеманын бирине кайрылган, ал проблеманы изилдөөдөгү пайдаланган илимий теориялык эмгектер, мугалимдердин, методисттердин иш тажрыйбалары изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан талданып, үйрөнүлгөн жана жыйынтык чыгарылган. Эксперимент методу менен диссертант жеке өзү иштеп чыккан педагогикалык ыкмаларын, жолдорун сынактан өткөргөн жана өзүнүн катышуусу менен тажрыйбаларын жыйынтыктаган. Диссертация белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ жана бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду алып чыккан. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын тастыктайт.

**6. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Саттарова Азиза Тешабаевнанын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери

боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**7. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн проблемасы боюнча жарыяланган эмгектери саны жана сапаты жагынан КР ЖАК талап кылган норма үчүн жетиштүү. Автордун илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизи теориялык жоболорун жана практикалык сунуштарын толугу менен өз ичине камтыйт.

**8. Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот.**

1. Диссертациянын ички мазмунунда балдар ырларын окутуунун технологиялары каралып жатканда мындай чыгармаларды окутуу боюнча Борбор Азиядагы мектептердин, жок дегенде, өзбек, казак, түркмөн мектептеринин тажрыйбалары обзор катары берилсе, диссертация дагы мазмундуу болмок.

2. Изденүүчү педагогикалык экспериментке Ош шаарындагы жана Ош областынын Кара-Суу районундагы мектептерди гана алган, биздин оюбузча эксперименталдык базаны кеңейтип, Жалал-Абад областынан да айрым мектептерди алса илимий тыянак чыгаруусунун аргументтүүлүгү дагы жогоруламак.

Бирок, аталган кемчиликтер диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт.

Саттарова Азиза Тешабаевнанын доктордук диссертациясын өз алдынча аткарылган жана бүткөн изилдөө катары кароого болот. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык ЖАКтын жобосунда көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

Жалпысынан изденүүчү Саттарова Азиза Тешабаевнанын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу 9-пунктунун талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Саттарова Азиза Тешабаевнаны 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедраларынын кенейтилген отурумунда каралып, 2019-жылдын 6-февралындагы №12-токтому менен бекитилген.

Жыйындын төрайымы,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор С.С.Сакиева

П.и.д., профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктаймын.
ЖАМУнун окумуштуулар кенешинин катчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты Р.С.Нусупова

Дата поступления отзыва в ДС Д13.18.580
11 февраля 2019 г
уч. секр.: Д.ф. Осмурбаев Д.К.